
БИРИМДИК!

- **Биримдик болбой тынчтык болбойт.**
- **Биримдик бар жерде-ырыс бар.**
- **Биримдик жок жерде ийгилик жок.**
- **Бирдикки — миңге, көптүкү — түмөнгө.**
- **Бирдиктүү болбой дөөлөттүү болбойт.**
- **Бирдиктүү эл — кебелбес аскадай.**

Залкар акын - жазуучулардын чыгармаларында
**биримдик** темасы көп орун алган.
Мисалы: Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналарындагы»
Ак-Сай десанттары, «Саманчынын жолундагы»
элдин ынтымагы өспүрүмдөргө багыт берип турат.
Ошондой эле «Үркүн», 1941-1945-жылдагы Ата
Мекендик согуштагы ар улуттун **биримдигинин**
негизинде келген тынчтык, азыркы учурда болуп жаткан
эпидемиологиялык
кырдаал менен күрөшүүдөгү ж.б. тарыхый окуялардагы
элдин бирин-бири колдоосу ***биримдиктин*** далилдери
болуп саналат

*Топтун атын «Биримдик» деп атаганыбыздын себеби :*
*Ар бир үй - бүлөдө жана мамлекетибизде*

- *тынчтык*
- *ынтымак*
- *биримдик*

*болсун деп тилек кылып, топтун атын*

***«БИРИМДИК»***

*деп атадык.*

***Биримдик болсо***

**Ынтымагы бар элдин адил болот улугу,**
**Ынтымагы жок элдин, ичинен чыга бузугу.**
**Ынтымактуу эл болсо, душманга тиер ок болот,**
**Ынтымаксыз эл болсо, дыркырап качып жок болот.**
**Ынтымактуу ,биригет, ынтымаксыз бөлүнөт,**
**Ынтмак элдин баркы бар, бири-бирине наркы бар.**

- *Биримдик жана иштермандык- бул Мекен тиреги*

- *Биримдик –бул ынтымак, сабырдуулук жана туруктуулук.*

- *Ар бир адам сабырдуу болуп, ынтымакта жана биримдикте жашашы керек.*

- *Сабырдуулуктун ынтымактын жана биримдиктин белгиси катары күн шооласындай жылуу, жакшы адамдын мамилесиндей жумшак, көрсөң көздү кубанткан, ажайып ачылган гүлдөй назик сары түс саналат эмеспи.*

- *Ошондуктан биз досторубузду, замандаш -тарыбызды биримдикке чакырып, Манас атабыздын бизге калтырган «Эл –журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги» деген осуятын эске алдык.*

***Биримдик*** **-** бул Кыргыз элинин жашоо-турмушунда байыртадан бери эле маанилүү ролду ойноп келген.
«Бөлүнбө кыргыз бөлүнбө,бөлүнсөң бөрү жеп кетет.
Бөлүнүп кетти кыргыз деп, бөтөн элге сөз кетет!»- деп «Манас» эпосунда айтылгандай улуу Кыргыз эли биримдикте жашап, бүгүнкү күнгө келип жетти жана мындан ары да

**БИРИМДИКТИ**

«ТУУ»

туталы!

- Биримдикти айгинелеп турган эн белгибиздеги
сүрөттөрдү чечмелеп кетсек, тоголок жер
шарынын формасы алынды.

- Кыргызстанда тынчтык өкүм сүрсүн, - деп тынчтыктын символу ак көгүчкөндүн сүрөтүн тарттык.

- Жашообуз жашыл бутактай бүрдөп көрктүү болсун,- деп бутакты тарттык.
- Күн нуру жер жүзүнө тегиз чачылат эмеспи, ошол нурдан бардык адамзаты кубат алып, жашоосун улантсын,- деп күндү чагылдырдык.
- Адамдарда **биримдик**, достук болсо, бардык ийгиликтер адамзаттын колунда,- деп колдорду бириктирип кармаштырдык.

Биздин ураан:

- Баары бирөө үчүн, бирөө баары үчүн!

Биздин максат:

- Ар дайым биримдикке умтулуу!

Биздинсыймыгыбыз:

- Бабам Манас! Атам Чыңгыз!
-

Бизге калган осуят:

- Ынтымак, достук, кызматташтык, биримдик!

## «Күч бирдикте» райондук сынагына катышкан окуучулардын тизмеси:

1. Камчыбекова Дилбар – 11-класс
2. Бакытбек кызы Жээнгүл – 11-класс
3. Райканова Ширин – 10-класс
4. Султанова Дамира – 10-класс
5. Чанов Вячислав – 8-класс
6. Токтосунова Нуриза – 9- класс
7. Мусаев Дамир – 9-класс
8. Мамбеталиев Марсел – 8-класс
9. Абдиганиева Азиза – 7-класс
10. Бактыбекова Элнура – 7- класс